УДК: 712.6 .581.552 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.555**

ЖАШТАРГА ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ ЖАНА ТАРБИЯ БЕРҮҮ

Сатаева Күмүшай Беделовна
ORCID 0009-0003-8820-9895
Университет Ош Мамлекеттик Педагогикалык
Биология кошумча география окутуучу;
kumusajsataeva@gmail.com
КазиеваГүлзатХакимовна
Ош Мамлекеттик Педагогикалык Университети
Биология окутуучу
ORCID 0009-0005-6928-8633
Kazievagulzat16@gmail.com

ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ И ВОСПИТАНИЕ МОЛОДЕЖИ

Сатаева Күмүшай Беделовна
ORCID 0009-0003-8820-9895
Ошский Государственный Педагогический Университет
kumusajsataeva@gmail.com
КазиеваГүлзатХакимовна
ORCID 0009-0005-6928-8633
Kazievagulzat16@gmail.com

ENVIRONMENTAL EDUCATION AND UPBRINGING OF YOUTH

Sataeva Kumushay Bedelovn
Osh State Pedagogical University
Kazieva Gulzat Hakimovna
Osh State Pedagogical University

Аннотация.

Заманбап коомдун табигый-илимий жана экологиялык маселелери глобалдык жылуулук, климаттын өзгөрүшү, биологиялык ар түрдүүлүктүн жоголушу, аба-суу-топурак булганышы, токойлордун кыйылышы жана табигый ресурстардын түгөнүшү сыяктуу курч көйгөйлөрдү камтыйт. глобалдык тенденциялар жана Кыргызстандагы өзгөчө абал (тоо муздарынын эриши, суу ресурстарынын азайышы, Бишкектеги абанын булганышы, жайыттардын деградациясы) талданат. Табигый илимдердин (климатология, экология, геология, биология) ролу, коомго тийгизген таасири (ден соолук, экономика, азык-түлүк коопсуздугу, миграция) жана чечүү жолдору жашыл энергия, туруктуу айыл чарба илимди колдоо саясатты коргоого багытталган.

Ошондой эле Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы экологиялык этиканын мааниси жана ЖОЖдогу практикалык демилгелер изилденген.

Ачкыч сөздөр: Экологиялык билим, экологиялык тарбия, туруктуу өнүгүү, ОшМПУ, жаштар саясаты, Чыңгыз Айтматов, табиятты коргоо, педагогикалык инновациялар.

Аннотация.

Современные проблемы естественных наук и экологии в обществе включают острые глобальные вызовы, такие как глобальное потепление, изменение климата, утрата биологического разнообразия, загрязнение воздуха, воды и почвы, вырубка лесов и истощение природных ресурсов. Анализируются глобальные тенденции и специфическая ситуация в Кыргызстане (таяние горных ледников, сокращение водных ресурсов, загрязнение воздуха в Бишкеке, деградация пастбищ). Рассматривается роль естественных наук (климатология, экология, геология, биология), их влияние на общество

(здоровье населения, экономика, продовольственная безопасность, миграция), а также пути решения — переход на зелёную энергетику, устойчивое сельское хозяйство, научно обоснованная политика и меры по защите окружающей среды. Рассматривается значение экологической этики в произведениях Ч. Айтматова и практические инициативы в вузе.

Ключевые слова: Экологическое образование, экологическое воспитание, устойчивое развитие, ОшГПУ, молодежная политика, Чынгыз Айтматов, охрана природы, педагогические инновации.

Annotation

Modern challenges in natural sciences and ecology within society encompass acute global issues such as global warming, climate change, loss of biodiversity, air, water and soil pollution, deforestation, and depletion of natural resources. The text analyzes global trends alongside the specific situation in Kyrgyzstan (melting of mountain glaciers, reduction of water resources, air pollution in Bishkek, degradation of pastures). It examines the role of natural sciences (climatology, ecology, geology, biology), their impact on society (public health, economy, food security, migration), as well as pathways to solutions — transition to green energy, sustainable agriculture, scientifically grounded policy, and environmental protection measures. The importance of environmental ethics in the works of Ch. Aitmatov and practical initiatives in the university are considered.

Keywords: *Environmental education, environmental upbringing, sustainable development, OshSPU, youth policy, Chyngyz Aitmatov, nature protection, pedagogical innovations.*

Киришүү

Заманбап коомдо илим менен технологиянын өнүгүшү адамзатка чоң мүмкүнчүлүктөрдү алып келди. Бирок ошол эле учурда жаратылышка болгон басым күчөп, глобалдык экологиялык көйгөйлөр жаралууда. Табигый-илимий маселелер – бул жаратылыш мыйзамдарын изилдөө, ресурстарды туура пайдалануу, адам менен айлана-чөйрөнүн ортосундагы тең салмактуулукту сактоо маселелери болуп саналат.

Бүгүнкү күндө дүйнө коомчулугу экологиялык кризис, климаттын өзгөрүшү, биологиялык ар түрдүүлүктүн азайышы сыяктуу олуттуу маселелерге туш болууда. Климаттын өзгөрүшү – XXI кылымдагы эң актуалдуу глобалдык көйгөйлөрдүн бири. Анын негизги себеби – атмосферага көмүр кычкыл газы жана башка парник газдарынын көп бөлүнүшү, глобалдык температуранын жогорулашы муздардын эришине, деңиз деңгээлинин көтөрүлүшүнө жана табигый кырсыктардын көбөйүшүнө алып келүүдө. Бул көбүнчө өнөр жай, транспорт жана энергетика тармактарындагы ишмердүүлүк менен байланыштуу. Климаттын өзгөрүшү айыл чарбасына, суу ресурстарына жана адамдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизүүдө.

Чынгыз Айтматовдун чыгармаларында табият жана адам темасы өзгөчө орунда турат. Ал жаратылышты ыйык деп эсептеп, аны коргоо маселесин философиялык деңгээлде көтөргөн.

«Ак кеме» чыгармасы

Ак кеме повестинде адам менен табияттын ортосундагы байланыш терең чагылдырылган. Баланын дүйнөсү аркылуу жаратылышка болгон сүйүү, ошол эле учурда адамдардын кайдыгер мамилеси көрсөтүлөт. Бугу — табияттын символу катары берилет. Аны атуу — бул адамзаттын табиятка каршы жасаган зомбулугунун белгиси.

Айлана-чөйрөнүн булганышы – абанын, суунун жана топурактын зыяндуу заттар менен булгалышы.

- Аба булганышы – автоунаалардан жана заводдордон чыккан газдар.
- Суунун булганышы – өндүрүш калдыктары жана пластик таштандылар.
- Таштанды өрттөө.
- Топурактын булганышы – химиялык жер семирткичтер жана пестициддер.

Абанын булганышы жыл сайын миллиондогон адамдардын ден соолугуна зыян келтирет. Адамдардын дем алуу органдарына, жүрөк-кан тамыр системасына олуттуу зыян келтирет. Айрыкча балдар жана улгайган адамдар көбүрөөк жабыркайт.

Бул көйгөйдү азайтуу үчүн таза технологияларды колдонуу жана экологиялык көзөмөлдү күчөтүү зарыл.

Изилдөөдө төмөнкү усулдар колдонулган:

Теориялык талдоо: Экологиялык педагогика боюнча илимий эмгектерди жана Ч. Айтматовдун мурастарын изилдөө.

Социологиялык сурамжылоо: Ош шаарынын жаштарына жана ОшМПУнун колледж бөлүмүнүн 1-3 курсунун студенттеринин арасында экологиялык баалуулуктарды аныктоо (жалпы 200 студент).

Статистикалык анализ: Студенттердин экологиялык активдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу.

Негизги бөлүк жана изилдөөнүн жүрүшү

Экологиялык билим берүү бул — жөн гана маалымат берүү эмес, бул баалуулуктарды калыптандыруу процесси. ОшМПУда бул багыт үч деңгээлде ишке ашырылат:

1. Окуу жана долбоордук ишмердүүлүк:

Университетте мугалимдердин жетекчилиги астында

Окуу жайда түрдүү иш чаралар: долбоорлор, тегерек столдор, конференциялар, талаа практикалары жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иш чаралары, өткөрүлүп келет.

2. Эл аралык жана илимий интеграция:

ОшМПУнун жаштары Россиянын “Жашыл окуу жай” программасынын алкагында өткөрүлгөн конференцияларга активдүү катышууда. Ошондой эле, 11-декабрь “Эл аралык тоолор” күнүнө карата туруктуу негизде илимий тегерек столдор уюштурулуп келет. Бул иш-чаралар студенттердин глобалдык деңгээлде ой жүгүртүүсүнө шарт түзөт.

3. Ч. Айтматовдун философиясын колдонуу:

Тарбиялык сааттарда Ч. Айтматовдун "Ак-Кеме", "Бугу-Эне" образдары аркылуу жаштарга экологиялык гуманизм түшүнүгү берилет. Ж. Бактыгулов белгилегендей, "Айтматовдун экологиялык коңгуроосу — бул адамзаттын аман калуу формуласы" [4].

Изилдөөнүн жыйынтыктары жана статистика

Жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжасында төмөнкүдөй көрсөткүчтөр алынды:

Студенттердин 78% экологиялык көйгөйлөр үчүн жеке жоопкерчиликти сезишет.

62% студент таштандыны азайтуу боюнча иш-чараларга катышууга даяр.

Бирок, сурамжылоого катышкандардын 45% гана күнүмдүк жашоодо энергияны үнөмдөө же пластиктен баш тартуу адаттарын колдонушат.

Бул маалыматтар ОшМПУ нун илимий жарчысында жарыяланган изилдөөлөр менен үндөшүп, аймактагы жаштардын экологиялык аң-сезими өсүп жатканын, бирок практикалык көндүмдөргө көбүрөөк басым жасоо керектигин көрсөтөт [5].

Корутунду

Заманбап коомдо ОшМПУнун жаштарына экологиялык билим берүү — бул стратегиялык мааниге ээ маселе. Ч. Айтматовдун "Жаратылыш жана Адам — бир бүтүн" деген концепциясын окуу процессине тереңдетүү зарыл. Келечектеги мугалим экологиялык жактан сабаттуу болсо, ал тарбиялаган окуучулар да жаратылышты сүйүүгө үйрөнүшөт.

Сунуштар:

Окуу жайда "Экологиялык инновациялык борбор" түзүү.

Окуу пландарына "Жашыл экономика жана Айтматовдук экология" модулдарын киргизүү.

ОшМПУ жана башка ЖОЖдор менен биргеликте аймактык эко-мониторинг долбоорлорун ишке ашыруу.

Адабияттар тизмеси:

1. Commoner B. The Closing Circle: Nature, Man, and Technology. – New York: Knopf, 1971.

2. Айтматов Ч.Т. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек: Бийиктик, 2008.
3. Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери. – Бишкек, 2014.
4. Абдуллаева А.А. Студенттердин экологиялык маданиятын калыптандыруунун жолдору // Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий кабарлары. – 2021. – №1 (44). – 112-117-бб.
5. Чодураев Т.М. Кыргызстандын экологиясы: окуу куралы. – Бишкек, 2021.
6. Акылай Зулушева. Географияны окутууда Экологиялык таалим-тарбия берүү процессин өркүндөтүү. Бишкек. 2025ж

УДК 82(470.35)37.013.32

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН КӨРКӨМ МУРАСЫНДАГЫ ТАБИЯТ КОНЦЕПЦИЯСЫ ЖАНА АНЫН БИОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ МЕТОДИКАЛЫК МААНИСИ

Сатыбекова М. А.
ORCID 0009-0001-1898-1367
педагогика илимдеринин доктору,
Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору,
msatybekova@bk.ru
Каныбек к. Мээрим
Ж. Баласагын атындагы КУУнун изденүүчүсү
. ms.meerim777@gmail.com
Жигитаалы к. Айдай
Ж. Баласагын атындагы КУУнун магистранты.

КОНЦЕПЦИЯ ПРИРОДЫ В ХУДОЖЕСТВЕННОМ НАСЛЕДИИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА И ЕЕ МЕТОДИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ В БИОЛОГИЧЕСКОМ ОБРАЗОВАНИИ

Сатыбекова М. А. - профессор,
КНУ им. Ж. Баласагына доктор педагогических наук.
Кыргызстан, Бишкек. msatybekova@bk.ru
Каныбек к. М.
соискатель КНУ им. Ж. Баласагына, Кыргызстан, Бишкек
Жигитаалы к. Айдай
магистрант КНУ им. Ж. Баласагына, Кыргызстан, Бишкек

THE CONCEPT OF NATURE IN CHINGIZ AITMATOV’S LITERARY HERITAGE AND ITS METHODOLOGICAL SIGNIFICANCE FOR BIOLOGY EDUCATION

Satybekova M. A. - doctor of Pedagogical Sciences, professor Kyrgyz National University named after J. Balasagina, Kyrgyzstan, Bishkek
Kanibek K. M. – Applicant at Jusup Balasagyn Kyrgyz National University, Bishkek, Kyrgyzstan. ms.meerim777@gmail.com
Zhigitayaly K. Aiday – Master’s Student at Jusup Balasagyn Kyrgyz National University, Bishkek, Kyrgyzstan.

Кыскача мазмун

Макалада Чынгыз Айтматовдун көркөм мурасындагы табият концепциясы философиялык, адабий жана педагогикалык өңүттө комплекстүү талдоого алынат.